Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги

Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики

БУЙРУК
ПРИКАЗ

31 декабря 2021 года №141 г.Бишкек

Об утверждении строительных правил СП КР 41-102:2021 «Электростанции тепловые»

В целях актуализации нормативно-технических документов в области теплоснабжения и отопления, и приведения их в соответствие с нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, руководствуясь Положением о Государственном агентстве архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Госстрой), утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 25 июня 2021 года № 44 **приказываю:**

1. Утвердить прилагаемые строительные правила СП КР 41-102:2021 «Электростанции тепловые», согласно приложению.
2. Отменить действие на территории Кыргызской Республики СНиП II-58-75 «Электростанции тепловые» со дня вступления в силу настоящего приказа.
3. Пресс-секретарю обеспечить опубликование настоящего приказа на веб-сайте Госстроя.
4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Госстроя Акматалиева М.А.
5. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 15 дней со дня официального опубликования.

Директор **Т. Сатышов**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги

Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики

БУЙРУК
ПРИКАЗ

2021-ж. 31-декабры №141 Бишкек шаары

КР КЭ 41-102:2021 «Жылуулук электр станциялары» курулуш эрежелерин бекитүү жөнүндө

Жылуулук менен камсыздоо жана жылуулук жаатындагы ченемдик-техникалык документтерди актуалдаштыруу жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы № 44 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Мамкурулуш) жөнүндө жобону жетекчиликке алуу менен, **буйрук кылам:**

6. Сунушталган КР КЭ 41-102:2021 «Жылуулук электр станциялары» курулуш эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.
7. Ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып КЧжЭ II-58-75 «Жылуулук электр станциялары» Кыргыз Республикасынын аймагында колдонуу жокко чыгарылсын.
8. Басма сөз катчысы ушул буйруктун Мамкурулуштун веб-сайтына жарыяланышын камсыз кылсын.
9. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Мамкурулуштун директорунун орун басары М.А. Акматалиевге жүктөлсүн.
10. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Директор **Т. Сатышов**

Курулуштагы ченемдик документтер тутуму

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Система нормативных документов в строительстве

СТРОИТЕЛЬНЫЕ ПРАВИЛА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ЖЫЛУУЛУК ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАРЫ
КР КЭ 41-102:2021

ЭЛЕКТРОСТАНЦИИ ТЕПЛОВЫЕ
СП КР 41-102:2021

Расмий басылма

Издание официальное

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ АРХИТЕКТУРА, КУРУЛУШ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО АРХИТЕКТУРЫ, СТРОИТЕЛЬСТВА И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БИШКЕК 2021

Сөз башы

1 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин (Мамкурулуш) Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту (Институт) тарабынан басмага ДАЯРДАЛДЫ

2 Мамкурулуштун Архитектура жана техникалык ченемдештирүү башкармалыгы тарабынан КИРГИЗИЛДИ

3 Мамкурулуштун 2021-жылдын 31-декабрынын № 141 буйругу менен БЕКИТИЛИП, ИШКЕ КИРГИЗИЛДИ

4 Мамкурулуш тарабынан 2021-жылдын __ _____ №____ КАТТАЛДЫ

5 КЧжЭ II-58-75 «Жылуулук электр станциялары»нын ОРДУНА

Эгерде долбоорлоо документтеринде ушул курулуш эрежелеринин жоболоруна шилтеме берилсе, анда ушул курулуш эрежелерин жоболору долбоорлоонун жана курулуштун конкреттүү объекти үчүн милдеттүү болуп калат.

Мамкурулуштун уруксатысыз ушул курулуш эрежелеринин расмий басылма катары толугу менен же жарым-жартылай көчүрмөсүн жасоого, аларды тираждоого жана таратууга болбойт.

© Мамкурулуш, 2021

Ушул курулуш эрежелеринин жоболору кайра каралган (алмаштырылган) же жокко чыгарылган учурда, тиешелүү билдирме белгиленген тартипте жарыяланат. Тийиштүү маалымат, билдирмелер жана тексттер жалпы колдонгон маалыматтык тутумдарда – иштеп чыгуучунун расмий сайтында жайгаштырылат.

Мазмун

1 Колдонуу чөйрөсү 1
2 Ченемдик шилтемелер 1
3 Терминдер жана аныктамалар 3
4 Белгилер жана кыскартуулар 6
5 Жалпы жоболор 7
6 Инженердик изилдөөлөр 8
7 Башкы план 9
7.1 ЖЭСти жайгаштырууга жалпы талаптар 9
7.2 Имараттарды жана курулмаларды жайгаштыруу 11
7.3 Инженердик тармактарды жайгаштыруу 13
7.4 Тик жайгашуу 15
8 Кирүү жана ички темир жолдор жана автомобиль жолдору 15
9 Имараттардын жана курулмалардынкөлөмдүү-пландуу жана конструктивдүү чечимдери 18
9.1 Жалпы талаптар 18
9.2 Негизги имарат 22
9.3 Контролдоо жана башкаруу системалары үчүн бөлмөлөр 26
9.4 Күйүүчү май жана май чарбачылыгынын имараттары жана курулмалары 27
9.5 Электр бөлүгүнүн имараттары жана курулмалары 31
9.6 Өндүрүштүк имараттар жана көмөкчү багытындагы жайлар 33
9.7 Көмөкчү имараттар жана жайлар 34
10 Инженердик жабдуулар, тармактар жана системалар 35
10.1 Жылытуу, желдетүү, кондиционерлөө жана абаны чаңдан тазалоо 35
10.2 Суу менен камсыздоо жана канализация 46
10.2.1 Суу менен камсыздоо системалары 46
10.2.2 Канализация системалары 50
10.3 Электр жарыгы 51
11 Циркуляция жана техникалык системалар суу менен камсыз кылуу 52
11.1 Жалпы талаптар 52
11.2 Суу менен камсыз кылуу булактары 53
11.3 Циркуляциялык жана техникалык суу менен камсыздоо системалары 54
11.4 Курулмалар 55
11.4.1 Гидромуздаткычтар 55
11.4.2 Суу алуучу курулмалар 58
11.4.3 Насостук станциялар 59
11.4.4 Циркуляциялык жана техникалык суу менен камсыз кылуу системаларынын суу түтүктөрүнө 61
11.5 Карбонаттык жана биологиялык булгануунун алдын алуу 63
12 Тышкы күлдү жана шлакты тазалоо 64

12.1 Тышкы күлдү жана шлакты тазалоо системалары 64
12.2 Тышкы күл жана шлактарды гидравликалык тазалоо системасы 65
12.3 Пневматикалык-гидравликалык система 69
12.4 Механикалык система 70
12.5 Күл жана шлак төгүлүүчү жайлар 70
12.5.1 Жалпы жоболор 70
12.5.2 Гидравликалык күл төгүлүүчү жайлар 71
12.5.3 Кургак (үймө) күл төгүлүүчү жайлар 73
13 Өрткө каршы иш-чаралар 74
А тиркемеси Картографиялык жана топографиялык материалдардын курамы 79
Б тиркемеси ТЭЦтин казандарынын, турбиналык агрегаттарынын, морлорунун жана муздатуучу мунараларынын пайдубалдарынын үстүнөн инженердик–геологиялык иштердин түрлөрү жана көлөмү 81
В тиркемеси ЖЭСтин имараттары жана курулмаларынын жоопкерчилик деңгээли 84
Г тиркемеси ЖЭСнын өндүрүштүк жайларынын жумушчу зонасындагы абанын температурасы жана салыштырмалуу нымдуулугу 88
Д тиркемеси Эсептик температура жана өндүрүштүк жайларда аба алмашуунун жыштыгы 92
Е тиркемеси Айланма циркуляциялык суу менен жабдуу системаларынын суу балансы 94

Киришүү

Ушул курулуш эрежелеринде техникалык регламенттердин максаттарына ылайык келген талаптар белгиленген: «Имараттардын жана курулмалардын коопсуздугу», «Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө», «Энергияны үнөмдөө жөнүндө», «Имараттардын энергетикалык натыйжалуулугу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдары.

Электр энергиясы башка баардык түрлөрдүн ичинен эң универсалдуу, оңой өткөрүлүүчү жана башка түргө – жылуулукка, механикалыкка, жарыкка айлануучу болуп эсептелет. Ошондуктан, электр энергетикасы техникалык прогресстин негизги кыймылдаткыч күчтөрүнүн бири катары кызмат кылат, экономиканын өзөгү болуп саналат, бардык тармактарды өнүктүрүүдө жана турак жайлардын жайлуулугун жогорулатууда алдыңкы ролду ойнойт. Негизги багыттардын бири катарында органикалык отунду (көмүр, мунай, газ ж. б.) күйгүзгөндө бөлүнүп чыгуучу жылуулук энергиясы колдонулган жылуулук электр станцияларын куруу эсептелет. Жылуулук электр станцияларында биздин планетада өндүрүлгөн электр энергиясынын 76%на жакыны иштетилет. Бул биздин планетабыздын дээрлик бардык аймактарында органикалык отундардын болушу; органикалык отунду өндүрүш талаасынан энергия керектөөчүлөрдүн жанында жайгашкан электр станциясына ташуу мүмкүнчүлүгү; ЖЭСтин курулмаларын чоң кубаттуулук менен камсыздоочу жылуулук электр станцияларындагы техникалык прогресс; жумушчу суюктуктун иштетилген жылуулугун колдонуу жана керектөөчүлөргө электр энергиясынан тышкары, жылуулук энергиясын (буу же ысык суу менен) дагы берүү мүмкүнчүлүгү ж.б. менен шартталган.

Ушул курулуш эрежелерин актуалдаштырууда төмөндөгүлөр катышкан:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунан: Сыдыков А.Ж. – т.и.к., Кенжетаев К.И. – т.и.к., Шаимбетов Дж.А., – т.и.к., Мудунова К.К. – инженер, Бердибеков Д. – мамлекеттик тил боюнча адис, «Электр станциялары» Ачык Акционердик Коомдун катышуусу менен.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Курулуштагы ченемдик документтердин тутуму

ЖЫЛУУЛУК ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАРЫ

Жаңыртылган редакция КЧжЭ II-58-75

Ишке киргизүү датасы – 2021.__.__

1 Колдонуу чөйрөсү

Ушул курулуш эрежелери 1 МВтдан ашкан буу турбиналык жана газтурбиналык агрегаттары бар күйүүчү отундун органикалык түрлөрү колдонулган жылуулук электр станцияларын (ЖЭС) долбоорлоонун жана реконструкциялоонун ченемдерин жана эрежелерин белгилейт.

Ушул курулуш эрежелеринин ченемдери атомдук, геотермалдык, дизелдик жана көчмө электрстанцияларын долбоорлоого колдонулбайт.

Э с к е р т үү – Жылуулук электр станцияларынын өзгөчө түрлөрүн мисалы, толук блоктуу, калкып жүрүүчү жана башкаларды алардын учурдагы курулуш укуктарынын негизинде долбоорлоодо, аларды долбоорлоо өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен атайын техникалык шарттар иштелип чыгышы керек.

2 Ченемдик шилтемелер

Ушул курулуш эрежелеринде төмөнкү ченемдик укуктук актыларга жана ченемдик –техникалык документтерге шилтемелер колдонулат:

Кыргыз Республикасынын Суу кодекси;

“Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектурасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

“Энергияны үнөмдөө жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

“Имараттардын энергетикалык натыйжалуулугу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

“Имараттардын жана курулмалардын коопсуздугу" Техникалык регламенти” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

“Кыргыз Республикасынын шаар куруу мыйзамдарынын негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

“Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

“Кооптуу өндүрүш объекттеринин өнөр жайлык коопсуздугу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

“Лифттерди орнотуу жана коопсуз пайдалануу эрежелерин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 8-ноябрындагы №730 токтому;

“Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы № 114 токтому;

КР КЧ 20-02:2018* Жер титирөөгө туруктуу курулуш. Долборлоо ченемдери;

КР КЧ 21-01:2018 Имараттардын жана курулмалардын өрт коопсуздугу;

КР КЧ 31-06:2018 Административдик жана тиричилик имараттар;

КР КЧ 23-05: 2019 Табигый жана жасалма жарыктандыруу;

КЧжЭ II-26-76* Чатырлар;

КЧжЭ II-89-80* Өнөр жай ишканаларынын башкы пландары;

КЧжЭ 2.03.11-85 Курулуш конструкцияларын коррозиядан коргоо;

КЧжЭ 2.04.01-85* Имараттардын ички суу түтүктөрү жана канализация;

КЧжЭ 2.04.02-84* Суу менен камсыздоо. Тышкы түйүндөр жана курулмалар;

КЧжЭ 2.04.05-91* Жылытуу, желдетүү жана кондиционерлөө;

КЧжЭ 2.05.03-84* Көпүрөлөр жана түтүктөр;

КЧжЭ 2.05.06-85* Магистралдык түтүктөр;

КЧжЭ 2.05.07-91 Өнөр жай транспорту;

КЧжЭ 2.06.05-84* Топурак материалдарынан жасалган дамбалар;

КЧжЭ 2.09.03-85 Өнөр жай ишканаларынын курулмалары;

КЧжЭ 3.05.04-85* Тышкы тармактар жана суу менен камсыздоо жана канализациялык курулмалар;

КЧжЭ 3.05.06-85 Электротехникалык түзүлүштөр;

КЧжЭ 11-01-98 Курулуштун ар кандай түрлөрү боюнча инженердик изилдөөлөр;

КР КЧжЭ 23-01:2013 Курулуш жылуулук техникасы (имараттарды жылуулук менен коргоо);

КР КЧж Э 23-02-00 Курулуш климатологиясы;

КР КЧжЭ 32-01: 2004 Автомобиль жолдорун долбоорлоо;

КР КЧжЭ 41-01: 2016 Жылуулук тармактары;

ЭАКЧ 2.04-03-2005 Чуулдоодон коргоо;

ЭАКЧ 3.03-01-95 1520 мм колеялуу темир жолдор;

ЭАКЧ 3.04-01-2005 Гидротехникалык курулмалар. Негизги жоболор;

МАМСТАНДАРТ 9.602-2005 Дат басуудан жана эскирүүдөн коргоонун бирдиктүү системасы. Жер астындагы курулмалар. Дат басуудан коргоого жалпы талаптар;

МАМСТАНДАРТ 12.1.003-83* Эмгекти коргоо стандарттарынын системасы. Ызы-чуу. Жалпы коопсуздук талаптары;

МАМСТАНДАРТ 12.1.005-88 Эмгекти коргоо стандарттарынын системасы. Жумушчу зонанын абасына карата жалпы санитардык-гигиеналык талаптар;

МАМСТАНДАРТ 14202-69 Өнөр жай ишканаларынын түтүктөрү. Таанылуучу боектор, эскертүү белгилери жана маркалоо щиттер;

МАМСТАНДАРТ 27751-2014 Курулуш конструкцияларынын жана пайдубалдарынын ишенимдүүлүгү негизги жоболор;

МАМСТАНДАРТ 30247.0-94 Курулуш конструкциялары. Отко туруктуулугун сыноо ыкмалары. Жалпы талаптар;

МАМСТАНДАРТ Р 51164-98 Болот магистралдык түтүктөр. Коррозиядан коргоо боюнча жалпы талаптар;

ВКК 29-81 ТЭЦти технологиялык долбоорлоонун ченемдери;

КБК 34.21.122-87 Имараттарды жана курулмаларды чагылгандан коргоо түзүлуштөрү боюнча нускама;

Электр орнотуу түзүлүштөрүнүн эрежелери;

3 Терминдер жана аныктамалар

Бул курулуш эрежелеринде тиешелүү аныктамалары бар төмөнкү терминдер колдонулат:

3.1 **тосмолоо түзүлүшү:** ЖЭБдин башка ушуга окшош түзүлүштөрү менен буу жана суу боюнча байланышы жок болгон жылуулук электр түзүлүшү.

3.2 **көмөкчү имарат (бөлмө):** Өндүрүш процесстерине түздөн-түз катышпаган ЖЭБдин кызматтарын жайгаштыруу үчүн, ошондой эле жумушчулар үчүн санитардык-тиричилик түзүлүштөрдү жайгаштыруу үчүн арналган имарат (бөлмө).

3.3 **газ турбинасы:** Электр генераторун иштетүүчү көмөкчү системалары бар газ турбинасын камтыган электр түзүлүшү. Газ турбиналык агрегаттын түрүнө жараша керектөөчүлөргө жылуулук энергиясын берүү үчүн анын курамына жылуулук алмаштыргыч аппарат же калдык жылуулук казаны киргизилиши мүмкүн.

3.4 **газ турбиналуу электростанция:** Газ турбиналуу түзүлүштөрү бар жылуулук электростанциясы.

3.5 **гидромуздаткыч:** Айлануучу сууну муздатуу үчүн колдонулган гидротехникалык түзүлүш.

3.6 **ЖЭСтин башкы имараты:** Электр жана жылуулук энергиясын иштеп чыгууну камсыз кылган ЖЭСтин негизги жабдуулары, бул процесске түз катышкан көмөкчү жабдуулар, ошондой эле эрежеге ылайык, өндүрүш процессин башкаруу системалары жайгашкан имарат же имараттардын (курулмалардын) комплекси.

3.7 **инженердик түйүндөр (коммуникация):** Объектинин жашоо-тиричилигин камсыз кылуу максатында электр, жылуулук, газ, суу менен жабдуу, дренаж, желдетүү, кондиционерлөө, телефон байланышын орнотуу процессинде пайдаланылуучу электр станциясынын аймагына жана имараттардын ичине салынган инженердик системалардын комплекси..

3.8 **конденсациялоочу электр станциясы:** Энергиянын бир түрүн – электр энергиясын өндүрүүгө арналган жылуулук электр станциясы.

3.9 **ысык суу казаны:** Мешинде отун күйүп, ал эми күйүү жылуулугу атмосферадан жогору басымда болгон жана бул түзүлүштөн тышкары жылуулук ташуучу катары колдонулуучу сууну жылытуу үчүн колдонулган түзүлүш.

3.10 **буу казаны:** Меште отун күйүп, ал эми күйүү жылуулугу бул түзүлүштөн тышкары колдонулуучу, атмосферадан жогору басымдагы суу буусун өндүрүү үчүн колдонулган түзүлүш.

3.11 **таштанды жылытуучу казан:** Жылуулук ташуучуну башка түзүлүштө иштелип чыккан күйүүчү продуктылар менен жылытуу үчүн колдонулуучу түзүлүш.

3.12 **термелүүчү өрт монитору:** Суунун гидравликалык күчүнүн таасири астында берилген бурч менен участка жылууга жөндөмдүү таянычка орнотулган өрт монитору.

3.13 **магистралдык түтүк:** Суу, жаратылыш газы, кысылган аба ж.б.у.с эки же андан көп инженердик системаларга, орнотмолорго, түзүлүштөргө берилүүчү түтүк.

3.14 **өрт өчүрүүчү осциллятордук түтүк:** Алдын ала белгиленген траектория боюнча суунун агымын өзгөртүп турган, ар кандай багытта термелүүчү өрт өчүрүүчү түтүк.

3.15 **ачык түзүлүш:** Өнөр жай имараттарынын сыртында (ачык жерлерде) жайгаштырылган энергетикалык ишканалардын технологиялык жабдуулары.

3.16 **буу-газ түзүлүш:** Газ турбинасы түзүлүшүнүн генератору жана буу турбинасынын агрегаты тарабынан буунун, анын ичинде газ турубинасы түзүлүшүнүн кетип жаткан газдарынын жылуулугун пайдалануу учурунда алынган буунун эсебинен электр энергиясы иштелип чыккан энергетикалык түзүлүш (энергоблок).

3.17 **буу турбинасы:** Буу энергиясын механикалык кылып өзгөртүү үчүн арналган, буу турбинасын жана көмөкчү жабдууну өзүнө камтыган түзүлүш.

3.18 **жарым ачык түзүлүш:** Көмөкчү жабдуулардын жана системалардын бөлүгүн бөлмөдө же баш калкалоочу жайга жайгаштыруу менен өндүрүштүк имараттардын сыртында (ачык жерлерде) жайгаша турган энергетикалык ишканалардын технологиялык жабдуулары.

3.19 **өндүрүштүк имарат:** Жабдууларды жана тейлөөчү персоналды жайгаштыруу үчүн бөлмөлөрү бар жер үстүндөгү курулуштук курулмалар.

3.20 **өндүрүштүк курулма:** Белгилүү өндүрүштүк функцияларды ишке ашыруу үчүн арналган курулуш ишмердигинин сейрек кездешүүчү натыйжасы.

3.21 **роботтоштурулган өрт өчүрүүчү түтүк:** Берилген программа боюнча автономдуу иштеген өрт өчүрүүчү түтүк.

3.22 **техникалык суу менен камсыздоо системасы:** Булактан табигый сууну алууну, аны тазалоону, ташууну жана ЖЭБдин керектөөчүлөрүнө жеткирүүнү камсыз кылуучу курулмалардын, жабдуулардын жана түтүктөрдүн комплекси.

3.23 **циркуляциялык суу менен камсыздоо системасы:** ЖЭБдин жылуулук алмаштыргыч аппараттарынан чыккан жылуулукту жолотпой, сууну муздатууну камсыз кылган курулмалардын, жабдуулардын жана түтүктөрдүн комплекси.

3.24 **электр менен камсыздоо системасы (электр менен камсыздоо, жылуулук менен камсыздоо):** Районду, шаарды, ишкананы электр менен жабдууну (электр менен камсыздоо, жылуулук менен камсыздоо) камсыз кылган өз ара байланышкан электр станцияларынын жыйындысы.

3.25 **жылуулук электр станциясы (ТЭС):** Отундун химиялык энергиясын электр энергиясына же электр энергиясына жана жылуулукка айландыруучу электр станциясы.

3.26 **жылуулук электроборбору (ЖЭБ):** Тышкы жылуулук керектөөнүн негизинде электр жана жылуулуктун биргелешкен генерациясын өндүргөн Жылуулук электр борбору.

3.27 **объектинин инженердик-техникалык жактан чыңдалуусу:** Имараттардын, жайлардын жана кайтаруудагы аймактардын конструктивдүү элементтерин күчөтүүгө багытталган, кайтаруудагы аймакка мыйзамсыз кирүүгө, бузуп кирүүгө жана башка кылмыштуу кол салууларга зарыл болгон каршы аракеттерди камсыз кылган иш-чаралардын комплекси.

4 Белгилер жана кыскартуулар

Бул курулуш ченемдеринде конструкциялардын МАМСТАНДАРТ 30247.0 боюнча отко туруктуулук чектеринин белгилери, ошондой эле төмөнкү кыскартуулар кабыл алынган:

ТП БАС – технологиялык процесстерди башкаруунун автоматташтырылган системасы;

ӨӨАТ– өрт өчүрүүчү автоматтык түзүлүш;

АХКЗ – авариялык-химиялык кооптуу заттар;

ББЩ –блоктук башкаруу щити;

СТТ – суу тазалоочу түзүлүштөр;

ГЖСП – газды жөнгө салуучу пункт;

ТБТ – топтук бөлүштүрүү түзүлүшү;

ТБЩ – топтук башкаруу щити;

ГТБ – газ турбиналык түзүлуш (анын ичинде газ турбинасы, газ-аба жолу, электр генератору, башкаруу системасы жана көмөкчү түзүлүштөр);

НБТ – негизги башкаруу щити;

ЖБТ – жабык бөлүштүрүү түзүлүшү;

ӨЭК –өлчөп-эсептөөчү комплекс;

ЖК жана ӨК ИТИ – жарандык коргонуунун инженердик-техникалык иш-чаралары жана өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу боюнча иш-чаралар;

КӨЖ – контролдоп-өлчөөчү аппаратура;

КБТ – комплекстүү бөлүштүрүүчү түзүлүштөр;

КБЭТ – комплекстүү бөлүштүрүүчү элегаздык түзүлүштөр;

ККД – кадимки кармоо деңгээли;

ӨКК – өрткө коргоочу кошулма;

АБТ – ачык бөлүштүрүүчү түзүлүш;

УБМК – уруксат берилген максималдуу концентрация (коркунучтуу заттар);

ГТА – газ турбиналык түзүлүштү, буу казаны-калдыктарды иштеткич жана ГТАны камтыган буу газ турбиналык түзүлүш;

ИӨД – иш өндүрүшүнүн долбоору;

БЭС – буу электр станциясы;

БТ – бөлүштүрүүчү түзүлүш;

ККАЖ – калыбына келтирүүчү аба жылыткыч;

КЖ –эсептөө техникасынын каражаттары;

СКЧ – санитардык коргоо чөлкөмү;

ТШ – техникалык шарттар;

ЖЭС – жылуулук электр станциясы;

ЖЭБ – жылуулук электр борбору;

ББЩ – борбордук башкаруу щити.

5 Жалпы жоболор

5.1 Ушул курулуш эрежелеринде буу-газ же газ турбиналык түзүлүштөрдү колдонуу менен электр жана жылуулук энергиясын иштеп чыгуу үчүн пайдаланылуучу буу турбинасы орнотулган жылуулук электр станцияларын (ЖЭС) долбооруого болгон негизги талаптар камтылган.

ЖЭСтин курамына кирген имараттарды, курулмаларды, түйүндөрдү жана системаларды долбоорлоо "Имараттардын жана курулмалардын коопсуздугу" техникалык регламент, "Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына КР КЧ 21-01 жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына, ушул курулуш эрежелерине жана башка иштеп жаткан курулуш ченемдерине жана эрежелерине, улуттук жана эл аралык стандарттарга жана башка ченемдик документтерге ылайык аткарылышы керек.

ЖЭСтин технологиялык бөлүктөрүн ЖЭСтин технологиялык долбоорлоонун иштеп жаткан ченемдери боюнча долбоорлоо керек.

5.2 ЖЭСти курууга, техникалык жактан кайра жабдууга же реконструкциялоого долбоордук документтер жана мындай долбоордук документтерди даярдоо үчүн жүргүзүлгөн инженердик изилдөөлөрдүн жыйынтыктары мамлекеттик экспертиза тарабынан «Кыргыз Республикасынын шаар куруу мыйзамдарынын негиздери жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана «Кыймылсыз мүлк объекттеринин долбооруна, курулушуна жана башка өзгөртүүлөрүнө документтерди берүү жана тапшырылган

бүткөндөрдүн шайкештигин баалоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунда белгиленген тартипте каралат.

5.3 Жылытуу үчүн сырткы абанын температурасы минус 20°С жана андан жогору болгон райондордо курула турган буу электр станцияларында катуу отун менен иштеген от казандар ачык орнотулган, ошондой эле жарым ачык орнотулган электр станцияларынын негизги корпустарын долбоорлоого уруксат берилет.

Газ турбиналуу ЖЭСти жылытуу үчүн сырткы абанын температурасы минус 23°С жана андан жогору болгон райондордо калдыктарды жылытуучу от казандарды ачык орнотууга уруксат берилет.

Газ өндүү жана суюк отун иштетилген суу жылытуучу казандарды жарым ачык кылып орнотуу жылытуу үчүн сырткы абанын температурасы минус 25°С жана андан жогору болгон райондордо сунушталат.

5.4 ЖЭСти коргоонун техникалык каражаттарына карата атайын талаптар долбоорлоо тапшырмасында көрсөтүлүүгө тийиш.

6 Инженердик изилдөөлөр

6.1 ЖЭСти долбоорлоо жана куруу боюнча инженердик изилдөөлөр КР КЧжЭ 11-01, КР КЧ 20-02 талаптарына, инженердик изилдөөлөрдүн түрлөрү боюнча учурдагы ченемдерге жана эрежелерге, А жана Б тиркемелерине ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

6.2 Инженердик изилдөө долбоорлоочу уюм тарабынан түзүлгөн жана техникалык тапшырык ээси тарабынан бекитилген тапшырмаларга ылайык жүргүзүлөт.

6.3 ЖЭСтин аянтчасынын сейсмикалуулугун баалоо боюнча комплекстүү изилдөөлөр (сейсмикалык кичи райондоштуруу) КР КЧ 20-02 де берилген сейсмикалык райондоштуруу карталарына ылайык 7, 8, 9 баллдык аймактарда курула турган ЖЭСти долбоорлоодо жүргүзүлүшү керек.

6.4 ЖЭСти түздөн-түз тектоникалык жана сейсмикалык активдүү жаракаларга курууга жол берилбейт.

7 Башкы план

7.1 ЖЭСти жайгаштырууга жалпы талаптар

7.1.1 Жылуулук электр станцияларын, курулуш жүрүп жаткан райондун инженердик-геологиялык жана гидрологиялык шарттарын, айлана-чөйрөнү коргоо шарттарын милдеттүү түрдө эске алуу менен керектөөчүлөргө электр жана жылуулук энергиясын натыйжалуу камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен "Кооптуу өндүрүш объекттеринин өнөр жай коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана аймактарды пландаштыруу жана куруу боюнча долбоорлордун жалпы талаптарына ылайык жайгаштыруу зарыл.

7.1.2 ЖЭСти жайгаштыруу үчүн аянтчалар жер, токой, суу мыйзамдарынын, саламаттыкты сактоо, жер казынасы, жаратылыш айлана-чөйрөнү коргоо, калкты жана аймактарды табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргоо жөнүндө мыйзамдардын жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укутук актыларынын талаптарына ылайык тандалышы керек.

7.1.3 ЖЭСти жайгаштырууда жер жана суу ресурстарынын сарамжалдуу жана үнөмдүү пайдаланылышын, капиталдык салымдардын натыйжалуулугун, калкты жана аймактарды табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргоону камсыз кылуу зарыл.

7.1.4 ЖЭСтин курулушу үчүн аянт дегенде ЖЭСтин иш жүзүндөгү өндүрүштүк аянты, ошондой эле ЖЭСтин комплексине кирген башка объекттерди (муздатуучу көлмөлөр, отун кампалары, күл төгүүчү жайлар, тазалоочу курулмалар, ачык бөлүштүрүүчү түзүлүштөр ж. б.), ошондой эле кирүүчү темир жана автомобиль жолдорунун линиялары.

7.1.5 ЖЭСти куруу үчүн аянтты тандоодо электр станциясын андан ары кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн, транспорттук байланыштын болушун, ээлегенжерлердин баалуулугун, суу каптоо мүмкүн болгон зоналарынын болушун, сейсмикалык кубулуштарды, кооптуу геологиялык процесстер боло турган зоналарды, аймактардын органикалык жана радиоактивдүү калдыктар менен булганышын, ошондой эле курорттордун, коруктардын, улуттук парктардын, суу менен жабдуу булактарынын санитардык коргоо зоналарынын болушун эске алуу керек.

ЖКбоюнча категорияланган объекттерден жана шаарлардан ЖЭСти алып салуу негиздүү болушу керек.

ЖЭСти жайгаштыруу үчүн аянтчаны тандоодо отунду ташуу мүмкүнчүлүгүн, суу менен жабдуу шарттарын, электр линиялары боюнча системдүү жана системалар аралык байланыштарды жана башка факторлорду эске алуу керек.

7.1.6 ЖЭСти жайгаштыруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте макулдашылышы керек.

7.1.7 Көмүрдүн жана сланецтин резервдик жана керектөөчү кампаларынын ЖЭСтин отундук камсыздалышы менен бир линиялык ташуу байланышы болушу керек.

7.1.8 Электр станциясында эки же андан ашык катуу отундар колдонулган учурда, отундун ар бир түрүн сактоо үчүн кампанын өзүнчө участоктору каралууга тийиш. Кампадагы катуу отун участокторунун ортосундагы аралыкты төмөндөгүдөй алуу сунушталат: I жана II топтогу көмүр кампалары үчүн – 75 м, III жана IV топтор үчүн – 150 м. Көмүр топтору технологиялык ченемдер менен белгиленет.

7.1.9 Көмүр кампаларынын аянтчалары жер үстүндөгү же жер астындагы суу каптоолордон корголушу керек. Кампа аянтчасынын бетинин жантайышы 3 % кем эмес кабыл алынышы керек. Көмүр кампасынын планировкасынын белгиси жер астындагы суулардын деңгээлинен 0,5 м кем эмес болушу керек.

7.1.10 Көмүр кампаларында сергитүү үчүн, ошондой эле өзүн-өзү жылытуучу көмүрдү муздатуу үчүн арналган аянтчалар болууга тийиш, анын аянты кампанын жалпы аянтынан 5% дан кем болбошу керек.

7.1.11 Көмүр кампаларында жаңылоо үчүн, ошондой эле өз алдынча жылыган көмүрдү муздатуу үчүн арналган аянтчалар болушу керек. Көрсөтүлгөн аянтчалардын көлөмү кампанын штабелдеринин жалпы аянтынын 5% түзүшү керек.

Катуу отундун резервдик кампалары жалпы пайдалануудагы жол менен штабелдердин ортосундагы туурасынан же узунунан өтүүчү жолдордун карама-каршысында кампанын ар кайсы тарабында жайгашкан эки кире бериш аркылуу туташтырылууга тийиш.

7.1.12 Катуу отундун резервдик кампаларындагы темир жолдор негизинен, ар бир эки жанаша штабелге бир жол эсебинде туюк жолдор катарында камсыздалышы керек.

7.1.13 ЖЭСтин курулмаларынан турак жай жана коомдук имараттарга чейинки аралыкты төмөндөгүдөй кабыл алуу керек:

турак жай курулушундагы уруксат берилген ызы-чуунун санитардык ченемдерине ылайык трансформаторлорду ачык орнотуудан;

Электр орнотмолорунун эрежелеринин талаптарына ылайык аба алмаштыргычтары бар ачык бөлүштүрүүчү түзүлүштөрдөн;

колдонуудагы эрежелерге ылайык катуу жана суюк отун, кислота, шакар жана башка авариялык-химиялык кооптуу заттардын кампаларынан (АХКЗ).

Бөлүп чыгаруу булагы ишкананын аймагы боюнча жайгаштырылган өндүрүштөрдү уюштурган учурда, санитардык зонанын өлчөмдөрү өндүрүштүк аянтчанын аймагынын чегинен баштап эсептелиши керек.

7.1.14 ЖЭСтин аймагын турак жай имараттарынан санитардык коргоо зонасы менен бөлүү зарыл, анын туурасы ЖЭСтин, курулмалардын жана башка объекттердин санитардык классификациясына, аларды уюштурууга жана жайланыштырууга карата талаптарга жараша белгиленет.

7.1.15 ЖЭСти санитардык коргоо аймагы колдонуудагы "Санитардык коргоо зоналары жана ишканалардын, курулмалардын жана башка объекттердин санитардык классификациясы" эрежелерине ылайык түзүлүүгө тийиш.

7.2 Имараттарды жана курулмаларды жайгаштыруу

7.2.1 ЖЭСтин тосмолонгон өндүрүштүк аянтчасынын ичинде, башкы корпустун имараты, түтүн газдарын, СТТларды, дизелдик отунду, мазутту жана май заводдорун тазалоочу имараттар менен курулмалар, отунду майдалоочу имараттар, трансформаторлорду орнотуу үчүн ачык аянтчалар, ресиверлерди орнотуу үчүн ачык аянтчалар, жабык бөлүштүргүчтөр, чокулуу ысык суу казандары, муздатуучу мунаралар, газ тазалоочу борбордун имараттары жана курулмалары, майлуу агынды сууларды тазалоочу курулмалар, регенеративдүү аба жылыткычтары менен буу казандарынын жуугучтары, химиялык тазалоо болушу керек жана жабдуулар жана зыяндуу кошулмалары бар башка суулар үчүн административдик, инженердик жана тиричилик максаттары үчүн имараттар жайгаштырылышы керек.

ЖЭСтин аянтчасынын тосмолору бийиктиги 2,5 м ден кем болбогон күйбөй турган материал менен камсыз болушу керек.

Автоматтык күзөт сигнализация түзүлүштөрүн жайгаштыруу үчүн, негизинен тосмонун ичинен туурасы 5 м ден кем болбогон бош аянтча бошотуу керек.

7.2.2 ЖЭСтин өндүрүштүк аянтынын сыртында тышкы бөлүштүргүчтөрдү, жүгүртүү, өрткө каршы жана ичүүчү суу менен камсыз кылуу үчүн АБТ, насостук станцияларды, чачыратуучу бассейндерди, муздатуучу көлмөлөрдү, күл төгүлүүчү жайларды, көмүр кампаларын сактоочу жайларды, кабыл алуу-жөнөтүүчү темир жолдорун жана алар менен байланышкан отун үчүн жүктөп-түшүрүүчү түзүлүштөрдү, эритүүчү түзүлүштөрдү, сыйымдуулугу жер үстүндө сактоо үчүн 10000 $м^3$ жана жер астындагы сактоо үчүн 20000 $м^3$ ашык мазут жана дизель майын сактоочу кампаларды жайгаштырууга уруксат берилет.

Бул курулуштар, күл жана шлак төгүлгөн жерлерди кошпогондо, эгерде курулуш үчүн бөлүнгөн жердин аянты аларды тиешелүү стандарттарга ылайык жайгаштырууга мүмкүндүк берсе, негизги аянтка жайгаштырылышы мүмкүн.

Муздатуучу көлмөлөрдү, күл төгүүчү жайларды жана темир жолду кабыл алуу-жөнөтүү жолдорун кошпогондо, бул курулмалардын баары тосмолонгон болушу керек.

ЖЭСтин негизги өндүрүштүк аянтчасынын сыртында жайгашкан сырткы бөлүштүргүчтөрдүн бийиктиги 2,5 мден кем эмес, ал эми анын ичине жайгаштырганда кеминде 1,6 м күйбөй турган материалдардан жасалган тосмосу болууга тийиш.

ЖЭСтин негизги өндүрүштүк аянтчасынын сыртында жайгашкан айлануу, өрткө каршы жана ичүүчү суу менен камсыздоочу насостук станцияларда, чачыратуучу бассейндерде бийиктиги кеминде 2,5 м күйбөй турган материалдардан жасалган тосмо болушу керек.

7.2.3 ЖЭСтин имараттарын жана курулмаларын басымдуу шамалдын багыттарын эске алуу менен күн тарапка жайгаштыруу КЧжЭ II-89 дун талаптарына ылайык, электр кубаттуулугунунберүү багытын,табигый жана жасалма суу муздаткычтардын жайгашуусун, авто унаа жана темир жолдорунун келүүсүн эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

7.2.4 Катуу отунду сактоочу кампалар, негизинен, башкы корпуска жана бөлүштүрүүчү аянтка карата, маңдайлашып жайгашат.

Көмүрдүн четки штабелдеринен сырткы бөлүштүргүчтөргө чейинки аралыкты: кампанын алды жагында, кеминде 80 м, шамалдын жайгашуусу менен, 100 м ден кем эмес алуу керек.

7.2.5 Буулантуучу градирнялар жана чачыратуучу бассейндер сырткы бөлүштүргүчтөргө жана трансформатор орнотулуучу АБТ, ачык аянтчаларга карата маңдай жагына жайгашышы керек.

Суу муздатуучу агрегаттар менен сырткы бөлүштүргүчтөрдүн ортосундагы аралык КЧжЭ II-89 дун талаптарына ылайык алынат.

7.2.6 Муздатуучу мунаралардын ортосундагы ачык аралык кире турган терезелердин деңгээлинде муздатуучу мунаранын диаметри 0,5ке барабар болушу керек, бирок 18 м ден кем болбошу керек. Бир катарда жайгашкан муздатуу мунараларынын ортосундагы аралык, алардын аянты 3200 м ден ашса 0,5 ке барабар, ал эми катарлар арасында – муздатуучу мунаранын диаметри 0,75 болушу керек.

7.2.7 Трансформатордук орнотмолордун ачык жерлеринен ачык суу түтүктөрүнө чейинки аралык 5 м ден кем болбошу керек.

7.2.8 Суутек жана кычкылтек кабылдагычтарды Мамтоокентехкөзөмөл менен макулдашуу боюнча жайгаштыруу керек.

Суутек жана кычкылтек ресиверлери периметри боюнча күйүүчү эмес материалдан жасалган бийиктиги 1,2 м кем эмес жарык типтеги тосмосу бар ачык жерлерге жайгаштырылат. Ресиверлерден тосмого чейинки аралык кеминде 1,5 м болушу керек.

Суутек менен кычкылтекти ресиверлердин ортосундагы аралык 10,0 мден кем болбошу керек. Бул аралыкты ресиверлердин өлчөмдөрүнөн бийиктиги 0,7 м ден кем эмес жана туурасы 0,5 м кем эмес ашкан, күйбөй турган материалдан жасалган үзгүлтүксүз тосмо орнотулганда 10,0 м ден аз аралыкты алууга уруксат берилет.

Бир газдын ресиверлеринин ортосундагы аралык тейлөө оңойлугун камсыздап, кеминде 1,5 м болушу керек.

7.2.9 Компрессордук станцияларды Мамтоокентехкөзөмөл менен макулдашуу боюнча жайгаштыруу керек.

7.2.10 Дизель отуну, мазут, май жана башка тез тутануучу жана күйүүчү суюктуктар үчүн кампалар «Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана КР КЧ 21-01 талаптарына ылайык жайгаштырылууга тийиш.

7.2.11 Авариялык химиялык кооптуу заттардын керектөөчү кампалары – күкүрт жана туз кислоталары, аммиак, гидразин, хлор ЖЭСтин аймагында төмөндөгүчө жайгаштыруу керек:

а) хлор кампаларынан тышкары, АХКЗ керектелүүчү кампалары – бул заттар керектелген СТТнын жана реагенттердин кампаларынын өзүнчө бөлмөлөрүндө;

б) сыйымдуулугу 2 тоннадан ашкан хлор керектелүүчү кампалар – өзүнчө имараттарда.

Сыйымдуулугу 2 тоннага чейин хлор керектелүүчү кампалар хлорлоочу агрегаттын имаратынын өзүнчө бөлмөсүндө жайгашышы мүмкүн.

7.3 Инженердик тармактарды жайгаштыруу

7.3.1 Инженердик тармактар, негизинен, аймактын минималдуу бөлүнүшүн жана имараттар, курулмалар менен байланышын камсыз кылуучу техникалык коридорлордо жайгаштырыла турган бирдиктүү коммуникациялык система катары долбоорлоо керек.

7.3.2 Инженердик тармактар КЧжЭ II-89, КЧжЭ 2.04.02, КР КЧжЭ 41-01 талаптарын эске алуу менен жайгаштырылышы керек.

7.3.3 Инженердик тармактар, суу менен жабдуу жана канализация тармактарынан, өрт өчүрүү системаларынын түтүктөрүнөн, техникалык жана циркуляциялык суу түтүктөрүнөн тышкары, негизинен, жер үстүндө же жер алдында каралууга тийиш.

Күкүрт жана туз кислотасы, аммиак жана аммиак суусу, гидразин жана хлордун түтүктөрү жер үстүндө гана каралышы керек.

7.3.4 ЖЭСтин участогуна ЖЭСтин тиешеси жок тез тутануучу жана күйүүчү суюктуктары жана газдары бар транзиттик куурларды салууга жол берилбейт.

7.3.5 Сырткы бөлүштүргүчтүн аймагына газ түтүктөрүн тартууга тыюу салынат. Жер астындагы газ түтүгүнөн (басымга карабай) бөлүштүргүчтөрдүн тосмосуна чейинки аралык кеминде 5 м болушу керек.

7.3.6 ЖЭСке газ эки жогорку басымдагы көз карандысыз газ түтүктөрү (1,2 МПадан ашык) менен берилгенде, алардын ортосундагы аралык бүткүл узундугу боюнча кеминде 30 м болушу керек.

7.3.7 10 МПа чейин басым менен ЖЭСтин өндүрүштүк участогунда салынган газ түтүктөрү, негизинен, жер үстүндө берилет жана КЧжЭ II-89 жана КЧжЭ 2.05.06 дун талаптарын эске алуу менен башка түтүктөр жана кабелдер менен бирге стеллаждарга салынышы мүмкүн.

7.3.8 ЖЭСтин аймагындагы жер астындагы түйүндөр автомобиль жолдорунун жана камтуусу жакшырган аймактардын тилкесинин сыртына салынышы керек. Тар шарттарда транспорттук жүктөрдү эске алуу менен автомобиль жолдорунун жүрүүчү бөлүгүнүн астына коммуникацияларды коюуга уруксат берилет.

7.3.9 Эгерде кычкылтек, суутек жана ацетилен үчүн жер үстүндөгү же жер астындагы түтүктөрдү тартуу мүмкүн болбосо, аларды траншеяларда жер астына коюуга жол берилет.

Жер астына төшөөдө кычкылтек, суутек жана ацетилен түтүктөрү жок дегенде 0,8 м ачык жерге көмүлүшү керек.

7.3.10 Кычкылтек, суутек же ацетилендин жер астындагы түтүктөрүн башка жер астындагы коммуникациялары менен кесип өтүүдө, алардын ортосундагы тик жайгашуусу боюнча аралыгы кеминде 0,1 м, ал эми электр кабелдерине жана байланыш кабелдерине чейин – 0,5 мден кем болбоого тийиш.

7.3.11 Катуу отундун штабелдеринин астында түтүктөрдү, арыктарды, дренаждык түзүлүштөрдү, байланыш каналдарын жана туннелдерди, ошондой эле кабелдик линияларды тартуу каралбашы керек.

7.4 Тик жайгашуу

7.4.1 Жаңыдан долбоорлонуп жаткан ЖЭСтин өндүрүштүк аянтчасын пландоонун оптималдуу белгилерин тандоо жер астындагы суулардын табигый режиминин өзгөрүүсүнүн божомолун эске алуу менен жер массаларынын балансынын эсептөөлөрүн, суунун агып кетүүсүнө каршы зарыл чараларды баалоонун негизинде жүргүзүү сунушталат.

ЖЭСти реконструкциялоону долбоорлоодо, өндүрүш участогунун макетинин белгилери мурда кабыл алынган макет белгисин эске алуу менен берилиши керек.

7.4.2 Дарыялардын жана суу сактагычтардын жээк бөлүктөрүндө жайгашкан ЖЭСти пландоо белгилери суу агымынын тирөөчүн жана эңкейишин, ошондой эле толкундун эсептелген бийиктигин жана анын толкунун эске алуу менен суунун эсептелген эң жогорку деңгээлинен кеминде 0,5 м бийиктикте алынышы керек.

Бул учурда, эсептелген эң жогорку горизонтту 100 жылда бир жолу ашуу ыктымалдуулугу менен кабыл алуу керек.

7.4.3 Эгерде жээк аймактарында ЖЭСтин аянтчасын пландоо белгисин дайындоодо жер жумуштарынын көп көлөмүн аткаруу түзүлүшү талап кылынса, рельефтин табигый бийиктигиндеги мунай ташкын суулардан коргоочу дамбаларды куруу менен тиешелүү техникалык-экономикалык негиздеме менен көмүр, отун кампаларын жайгаштырууга уруксат берилет.

7.4.4 Шаардын сыртында жайгашкан ЖЭСтин аянтчасында, эреже катары, ачык дренаж системасы кабыл алынган.

Тиешелүү негиздеме болгон учурда жабык дренаждык системаны колдонууга уруксат берилет.

Шаардын ичинде жайгашкан ЖЭС участогунда жабык же аралаш дренаж системасы кабыл алынган.

7.4.5 ЖЭСтин аянт ичиндеги темир жол тилкелерин шпалдар аркылуу суу өтүүчү көмүлбөгөн балласт катмары менен долбоорлоо сунушталат.

7.4.6 ЖЭСтин аянты жайлуу жана жашылдандырылышы керек.

8 Кирүү жана ички темир жолдор жана автомобиль жолдору

8.1 ЖЭСтин кирүүчү жана ички темир жолдору жана автомобиль жолдору КЧжЭ II-89, КР КЧжЭ 32-01, КЧжЭ 2.05.03, КЧжЭ 2.05.07, ЭАКЧ 3.03-01,

ошондой эле 750 мм колеядагы темир жолдорду долбоорлоо боюнча сунуштарга ылайык иштелип чыгууга тийиш.

8.2 Катарлаш станциялардын, кирүүчү темир жол линияларынын жана станциянын кабыл алуу жана жөнөтүүчү паркынын жолдору "Кыргыз темир жолу" мамлекеттик ишканасына берилишин эске алуу менен түзүлүшү керек.

8.3 Трансформаторлордун айлантуучу жолдору, эреже катары, горизонталдык бөлүктөрдө жайгашышы керек. Өзгөчө учурларда, вертикалдуу пландоонун шарттарына ылайык, прокаттын узунунан эңкейиши 10% дан ашпоого уруксат берилет.

Профилдик сыныктар эңкейиштердин алгебралык айырмасы 8% дан ашкан учурда 1000 м ден кем эмес радиустагы вертикалдуу ийри сызыктар менен жупташышы керек.

Трансформаторлорду өз роликтеринде айлантуу жолдору, эреже катары, шпалдарда иштелип чыгышы керек. Тиешелүү техникалык-экономикалык негиздемеси менен оор трансформаторлорду айлантууда темир-бетон плиталарына айлантуу жолдорун коюуга уруксат берилет.

8.4 ЖЭСге келген катуу күйүүчү майы бар вагондордун баардыгын таразага тартуу керек, ошол эле учурда вагондорду поездди токтотпостон кыймылга келтирүүгө мүмкүндүк берүүчү таразаларды колдонуу керек.

8.5 Негизги имаратка баруучу туруктуу темир жолду долбоорлоого болгон тапшырмага ылайык каралышы керек.

8.6 Туруктуу автомобиль жолдорунун трассалары жана конструкциялары аларды ЖЭСти куруу мезгилинде колдонуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен дайындалышы керек.

8.7 Өрт өтмөктөрү катары колдонулган жериндеги автомобиль жолдорунун жүрүүчү бөлүгүнүн туурасы 6 метрге барабар болушу керек.

8.8 ЖЭСтин аянтчасын тышкы авто жол тармагы менен жана ЖЭСтин турак жай конушу менен туташтыруучу авто жолунүстүңкү катмары капиталдык жакшыртылган эки тилкеге долбоорлонуп жана башкы имараттын туруктуу чүркөсүндө жайгашышы керек.

Эгерде турак жай конушунан ЖЭСге чейинки аралык 3 км ден ашпаса, жөө адамдар өтүүчү тротуар каралышы керек.

8.9 ЖЭС аянтчасындагы автомобиль жолдору иштөө шарттарына байланыштуу кирүү талап кылынган имараттарга жана курулмаларга ылайыкташтырылышы керек. Мында, башкы имарат, эреже катары, машиналык бөлүккө, от казанга жана түтүндү чыгаруучу бөлүмгө туруктуу жана убактылуу чүркө тараптан, ошондой эле бункер-деаатордук бөлүктүн лифтине авто унаанын кире турган жолу караштырышы керек.

Негизги имараттын айланасында эки кыймыл тилкеси бар айланма жол каралышы керек.

8.10 ЖЭСтин башкы участогунун сыртында жайгашкан көмүр, сланец, жана мазут үчүн кампалар үстүңкү катмары жакшыртылган жол менен ЖЭСтин башкы аянтына туташтырылышы керек.

Суу алуучу жана тазалоочу курулмаларга кирүүчү жерлер, күл төгүлүүчү жайлар туурасы кеминде 3,5 м болгон бир жол тилкеси үчүн жакшыртылган жеңил же өтмө жабуу түрүндө иштелип чыгууга тийиш.

8.11 Көмүр, сланец жана ачык бөлүштүргүчтөрдүн кампаларынын айланасындагы өрт өчүрүүчү машиналар үчүн өтмөктөр, ошондой эле ачык агызуу каналы, күл жана шлак түтүктөрү жана башка сызыктуу конструкциялар боюнча өтүүчү жолдор, туурасы 6 м ден кем эмес жабуусу төмөнкү типтеги эркин пландаштырылган тилкеде болууга тийиш.

8.12 Жолдун жүрүүчү бөлүгүнүн четинен имараттардын дубалдарына чейинки аралык "Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана КР КЧ 21-01 талаптарына ылайык алынышы керек.

8.13 Үстүңкү катмары өтмөк типтеги АБТнын аймагындагы туруктуу авто унаа жолдорунун АБТ жабдууларын автомобиль жолу менен ташуу үчүн гана берилет.

Башка учурларда өтүүчү жол, зарыл болгон учурда топуракка уюткуч (цемент, битум) же скелеттик (шлак, шагыл) материалдарды кошуу аркылуу жакшыртылган, пландаштырылган эркин аянт катары берилиши керек. АБТ аймагындагы өтмөктүн туурасы колдонулуучу монтаждыкжана оңдоо механизмдеринин өлчөмдөрүн эске алуу менен, бирок 3,5 м ден кем эмес тандалууга тийиш.

8.14 АБТ аймагында жөө жүргүнчүлөрдү тейлөөчү жолдорду уюштурууну камсыз кылуу керек.

Планда жолчолордун жайгашуусу АБТ аймагынын жалпы жайлуулугу жана аларды тосмолоо жолчо катары пайдаланууга мүмкүндүк берген кабелдик каналдардын трассалары менен байланыштырылышы керек.

9 Имараттардын жана курулмалардын көлөмдүү-пландуу жана конструктивдүү чечимдери

9.1 Жалпы талаптар

9.1.1 ЖЭСтин имараттарынын жана курулмаларынын көлөмдүү-пландуу жана конструктивдүү чечимдери төмөнкүлөрдү камсыз кылууга тийиш:

технологиялык процессти (операцияны) ишенимдүү жана үнөмдүү жүргүзүү;

жабдууларды оңдоо мүмкүнчүлүгү;

орнотулган жабдуулардын жана техникалык түзүлүштөрдүн өнөр жай коопсуздугу;

жарылуу жана өрт коопсуздугу;

эргономикалык талаптар;

кызматкерлердин коопсуз иштөөсү.

9.1.2 ЖЭСтин имараттарын жана курулмаларын долбоорлоо "Имараттар менен курулмалардын коопсуздугу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын жана МАМСТАНДАРТ 27751 талаптарына ылайык белгиленген жоопкерчилик деңгээлин эске алуу менен жүргүзүлүүгө тийиш. Жоопкерчилик боюнча ишенимдүүлүк коэффициентинин маанисиМАМСТАНДАРТ 27751 тарабынан белгиленгенден төмөн болбошу керек.

Жүк көтөрүүчү курулуш конструкцияларын эсептөөдө, ошондой эле имараттардын жана курулмалардын бышыктыгына, инженердик изилдөөлөрдүн диапазонуна жана көлөмүнө карата талаптарды аныктоодо жоопкерчиликтин деңгээли эске алынышы керек.

ЖЭСтин конкреттүү имараттарынын жана курулмаларынын жоопкерчилик деңгээлдери жана жоопкерчилик үчүн ишенимдүүлүк коэффициенттеринин мааниси, эреже катары, башкы конструктор тарабынан тапшырык ээси менен макулдашуу боюнча дайындалат. Жоопкерчилик деңгээлдери жана жоопкерчилик үчүн ишенимдүүлүк коэффициенттеринин маанилери долбоорлоого болгон техникалык тапшырмаларда берилиши керек.

ЖЭБдин имараттарын жана курулмаларын электр жана жылуулук энергиясын өндүрүүнү камсыздоодогу ролуна жараша жоопкерчиликтин белгилүү деңгээлине киргизүү боюнча сунуштар Б тиркемесинде берилген.

9.1.3 Жарылуу жана өрт коркунучу үчүн ЖЭСтин имараттарынын категориялары "Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана КРнын КР КЧ 21-01 ылайык түзүлүшү керек.

9.1.4 ЖЭСтин имараттарын жана курулмаларын долбоорлоодо ЖЭСтин айланасындагы өнүгүүнүн мүнөзүн эске алуу керек.

9.1.5 ЖЭСтин имараттарын жана курулмаларын долбоорлоодо, бул курулуш эрежелери менен бирге ушул курулуш эрежелеринде шилтеме жасалган тиешелүү эрежелердин жана башка колдонулуучу ченемдердин талаптарын, ошондой эле электр орнотуу эрежелеринде берилген бөлмөлөргө, имараттарга карата талаптарды жетекчиликке алуу керек.

9.1.6 ЖЭС имараттарынын жана курулмаларынын курамы долбоорлоого болгонтехникалык тапшырмалар жана технологиялык тапшырмалар менен аныкталат.

9.1.7 ЖЭСтин имараттарын жана курулмаларын долбоорлоодо ЖЭСтин кызматкерлерин өзгөчө кырдаалдардан коргоо үчүн зарыл болгон чараларды кабыл алуу керек.

9.1.8 Имараттар менен курулмалардын көлөмдүү-пландаштыруу жана конструктивдик чечимдери техникалык регламент "Имараттардын жана курулмалардын коопсуздугу" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, ушул курулуш ченемдеринде жана башка курулуш эрежелеринде берилген талаптарга ылайык иштелип чыгышы керек.

Кабыл алынган чечимдер жабдуулардын рационалдуу жайгашуусун жана кадимкидей иштешин, ошондой эле иштеп жаткан персоналдын коопсуз эмгек шарттарын камсыз кылууга тийиш.

9.1.9 ЖЭСтин имараттарынын жана курулмаларынын геометриялык параметрлери (аралыктар, полдун бийиктиги, конструкциялардын тепкичи) технологиялык схемаларга жана ушул курулуш эрежелеринин талаптарына жана башка курулуш ченемдерине ылайык берилиши керек.

Имараттар менен курулмалардын аралыгын 3,0 мге, кээ бир учурларда 1,5 мге эселеп белгилөө сунушталат.

Имараттардын мамычаларынын кадамы, негизинен, 6,0 же 12,0 м катары кабыл алынышы керек. Негизги имараттар үчүн мамычалардын кадамын технологиялык тапшырмага ылайык алууга уруксат берилет.

Бир кабаттуу имараттардын бийиктиги (каптоочу тирөөч түзүлүштөрдүн түбүнө чейин) жана көп кабаттуу үйлөрдүн полдорунун бийиктиги 0,3 мге эселенип алынышы керек.

Имараттардын жана курулмалардын, отун менен камсыздоо галереяларынын жана өтмө көпүрөлөрдүн жер астындагы бөлүктөрүнүн бийиктиги 0,1 м эсе катары кабыл алынат.

9.1.10 Көтөрүүчү конструкциялардын координациялык октогро байланышы кабыл алынган конструкциялык чечимдерге жараша нөлдүк же октук болушу керек.

Түзүлүштөрдүн координациялык октогро кайчылаш багытта байланышы, эреже катары, нөлгө коюлган.

9.1.11 Имараттардагы деформациялык бириктиргичтери жупташкан жүк көтөрүүчү конструкцияларды орнотуу менен долбооорлонушу керек.

Жабык отканалары бар негизги имараттарда казандардын ортосуна туурасынан кеткен кеңейтүү түйүндөрүн коюу керек.

Башкаруу щиттеринин бөлмөлөрү бир деформациялык блоктун чегинде жайгашышы керек.

9.1.12 ЖЭСтин имараттарынын жана курулмаларынын отко туруктуулук даражасы алардын жарылуу жана өрт коркунучу боюнча категориясына, имараттын (курулманын) конструктивдүү өрт коркунучунун классына жана анын өлчөмдөрүнө (кабаттардын бийиктиги, саны жана аянты) жараша дайындалышы керек.

Курулуш конструкцияларынын отко туруктуулугунун талап кылынган чектери "Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана КР КЧ 21-01, ошондой эле бул курулуш эрежелеринде берилген талаптарга ылайык берилиши керек.

9.1.13 ЖЭБди долбоорлоодо, эгерде аларды бириктирүү коопсуздук ченемдеринин (жарылуу, өрт, ж.б.) жана санитардык-гигиеналык ченемдердин талаптарына каршы келбесе, бир имаратка ар түрдүү өндүрүштөрдү, анын ичинде кампалык, лабораториялык, тиричилик бөлмөлөрүн жайгаштыруу мүмкүнчүлүгүн кароо керек.

9.1.14 Жайларды жана жабдууларды сырдоо МАМСТАНДАРТ 14202 боюнча интерьердин жана фасаддын түс схемасын эске алуу менен иштелип чыгышы керек.

9.1.15 Баардык типтеги конструкциялар үчүн коррозиядан коргоо боюнча эрежелердин топтомдорунун талаптарына ылайык коррозиядан коргоону алдын ала кароо керек.

Металл конструкциялары үчүн зарыл болгон учурда, конструкциялык же ӨККны колдонуу менен өрттөн коргоо дагы каралышы керек.

Жүк көтөрүүчү металл конструкцияларын өрттөн коргоо үчүн ӨККны колдонууда долбоордук документтерде төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

конструкциялардын отко туруктуулугунун талап кылынган чеги;

ӨККнын өрттөн натыйжалуу коргоо тобу;

ӨККнын аталышы, техникалык мүнөздөмөнүн белгиси жана өрт коопсуздугунун тастыктамасы;

